41.

**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги**

**И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи**

Колледждин педагогикалык
Советинде каралды
Протокол № 4
директору
“ 29 ” 08 2019-ж.

“Бекитемин”
И.Бийбосунов атындагы Каракол
педагогикалык колледжинин
_______________Молдосанов С.У.
Приказ № ___________
______________2019-ж.

# И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин “студенттердин билим сапатын баалоо жана мониторинг жүргүзүү бөлүмүнүн башчысынын функционалдык милдеттери жөнүндө” Жобо

**Каракол 2019**

**И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин(КПК) студенттеринин жетишүү сапатын баалоо жана мониторинг бөлүмүнүн башчысынын функционалдык милдеттери жөнүндө**

Жобо

**I Жалпы жоболор**

1.1.Жетишүү сапатын баалоо жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы жетекчилик катарга кирет.

1.2. Бөлүмдүн башчылыгына жогорку билимдүү, беш жылдан кем эмес иш тажрыйбасы бар адам дайындалат.

1.3.Бөлүм башчы кызматына дайындоо жана кызматтан бошотуу И.Бийбосунов атындагы КПКнындиректорунун буйругу менен дайындалат.

1.4.Бөлум башчы төмөндөгүлөрдү билүү керек:

- КРнын мыйзамдарын,билим берүү тармагындагы КР Өкмөтүнун токтомдорун жана чечимдерин;
- Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын;
- Билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатын башкаруунун теориясын жана усулдарын;
- Инновациялык билим берүү технологияларын жана программаларын иштеп чыгуу методологиясын;
- Жогорку билим берүү системасындагы билим берүүчү,илимий жана инновациялык ишмердүүлүк сапатын көрсөткүчүн баалоо талдоо мониторинг жүргүзүү усулдарын.

1.5.Бөлүм башчысы өзүнүн ишинде КРнын мыйзамдарын,КР Өкмөтүнүн Токтомдорун , КР билим берүү жана илим министирлигинин типтүү жоболорун, нускамаларын жана башка закон актыларын, колледждин Уставын,колледждин жетекчилеринин буйруктарын жана тескемелерин,Бөлүм жөнүндө Жобону, сапат тармагынын документтерин, колледждин ички тартип эрежелерин жана ушул нускаманы жетекчиликке алат.

1.6.Бөлүм башчы түздөн түз директорго баш ийет.

**II Кызматтык милдеттер**

2.1. Бөлүмдүн милдеттерине ылайык башчы төмөнкү кызматтык милдеттерди аткарат:

- Колледждин инновациялык ишмердүүлүгүнүн жана билим берүү сапатынын системасын түзүү, жайылтуу жана өнүктүрүү боюнча бөлүмдүн ишин пландайт.

- Окуу процессине инновациялык программаларды, окутуу технологияларын иштеп чыгуу жана жайылтуу боюнча колледждин ишмердүүлүгүн координациялайт.

**III Укуктар**

3.1. Билим сапатын баалоо жана мониторинг жүргүзүү бөлүмү башчысы укуктуу:

3.1.1. Колледждин билим берүү сапатын көзөмөлдөө жана башкаруу маселелери боюнча иш алып баруу.

3.1.2. Колледждин окуу-усулдук кеңешинин чечиминин долбоорлору менен таанышууга жана окутуунун сапатын камсыздоо маселелерин аткарууга жана талкулоого катышат.

3.1.3. Билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатын башкаруу маселелери каралган жыйналыштарга,отурумдарга катышат.

3.1.4. Колледждин жетекчилигине, окуу-усулдук кеңешке окуу процессин уюштурууну өркүндөтүүнү ,адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууну жана билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жайылтуу маселелерин кароого сунуш киргизет.

3.1.5. КР эмгек кодексинде белгиленген укуктарга ээ.

## IV Жоопкерчилик

4.1. Билим сапатын баалоо жана мониторинг жүргүзүү бөлүмү башчысы жоопкерчилик алат:

- колледждин жетекчилигинин буйруктарын жана тескемелерин, аталган нускамада белгиленген кызматтык милдеттерин өз убагында жана сапаттуу аткарууга;

- КР эмгек мыйзамында белгиленген ченемде ;

- КР жарандык , адмнистративдик мыйзамдарында белгилеген укук бузууларга жооп берет.

Макулдашылды :

ОТИ боюнча директордун орун басары Азаматов А.А.

Юрист Келгенбаев А.С.

Кадрлар бөлүмүнун инспектору Төрөбай кызы Г.